НАРЫН ШААРДЫК АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ

НАРЫНСКАЯ ГОРОДСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ

722600, Нарын ш. Ленин көчөсү 76

Тел. (03522) 5-60-19

Нарын шаары

"1" 04 2021-жыл

№ 38

**"Нарын шаардык кенешине аттанган "Өнүгүү прогресс" партиясы тарабынан административдик ресурсту пайдалануу белгилери бар" деген материалды териштирүүнүн жыйынтыктарын кароо жөнүндө**

Нарын аймактык шайлоо комиссиясынын Ыкчам аракет көрүү координациялык тобунун 25.03.2021-ж №1 протоколу боюнча "Өнүгүү прогресс" партиясы тарабынан административдик ресурсту пайдалануу белгилери бар" деген материалды Нарын облустук ички иштер башкармалыгы иликтеп, жыйынтыгы менен (Нарын ОИИБнүн токтому тиркелет) аталган материалда кылмыштын жана жоруктун белгилери аныкталган жок деген бүтүм чыгарылган. Ошондой эле Молдоканов аттуу Нарын муниципалдык ишкананын кызматкерине Бузуулар Кодексинин 44-беренесинин 1-бөлүмүнө ылайык Нарын шаардык аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан баа берип карап көрүүгө материалды жиберген.

Нарын шаардык аймактык шайлоо комиссиясы материалдарды карап чыгып, А.Молдокановду үгүт жүргүзүүнүн шарттарын бузуу жоопкерчилигине тартууга толук негиз жок деп тапты. Себеби биринчиден А.Молдоканов талапкер же партиянын ишенимдүү адамы катары эсептелбейт, экинчиден талапкерлер Э.Чымылдаков, Э.Жамбаев жана Б.Усубалиевдердин сүрөтү жарыяланган фейсбук баракчасын А.Молдоканов өз демилгеси менен гана ачып жеке баракча катары пайдалангандыгын билдирген, ошондуктан Нарын муниципалдык ишканасына мыйзамдуу тиешелүү баракча деп эсептөөгө дагы толук негиз жок.

Жогорудагылардын жана Нарын ОИИБнүн токтомунун негизинде Нарын аймактык шайлоо комиссиясы

ЧЕЧИМ КЫЛАТ

1. "Өнүгүү прогресс" партиясы тарабынан административдик ресурсту пайдалануу белгилери бар" деген материал боюнча кылмыштын жана

жоруктун белгилери аныкталган жок деп табылып, өндүрүштөн кыскартылгандыгы боюнча Нарын ОИИБнүн токтому эске алынсын.

2. Нарын муниципалдык ишканасынын кызматкери А.Молдокановго үгүт жүргүзүүнүн шарттарын бузуу жоопкерчиликке алып келээри эскертилсин.

3. "Өнүгүү прогресс" партиясы үгүт жүргүзүү иштеринде мыйзамдарды так сактоого көңүлүн бурсун.

**Төрага** **В.Качкымбаева**

**Катчы** **Б.Жакыпова**